**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 287 "Байланыш түзүлүштөрүн идентификациялоонун мамлекеттик тутумун уюштуруу жана мобилдик байланыш түзүлүштөрүн, ошондой эле маалыматтарды берүү үчүн пайдаланылуучу түзүлүштөрдү идентификациялоо маселелери жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Евразия экономикалык бирлигинин бажы мыйзамдарына ылайык келтирүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 287 "Байланыш түзүлүштөрүн идентификациялоонун мамлекеттик тутумун уюштуруу жана мобилдик байланыш түзүлүштөрүн, ошондой эле маалыматтарды берүү үчүн пайдаланылуучу түзүлүштөрдү идентификациялоо маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Байланыш түзүлүштөрүн идентификациялоонун мамлекеттик тутумун уюштуруу жана мобилдик байланыш түзүлүштөрүн, ошондой эле маалыматтарды берүү үчүн пайдаланылуучу түзүлүштөрдү идентификациялоо тартибинде:

– 1-глава төмөнкүдөй мазмундагы $3^{1}$-пункт менен толукталсын:

"$3^{1}$. Мамлекеттик корголууга тийиш болгон адамдардын коопсуздугун, өлкөдө коргоо жөндөмдүүлүгүн, коопсуздукту камсыздоо жана ички тартипти колдоо жана өзгөчө кырдаалдар учурунда муктаждыктарды камсыздоо, ошондой эле эл аралык иш-чараларды өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын аймагына ташып келинген мобилдик түзүлүштөрдүн IMEI-коддорун каттоо ыйгарым укуктуу органдардын тиешелүү кайрылууларына ылайык өзүнчө тартипте жүргүзүлөт.";

– 12-пункттун үчүнчү абзацында "бажы декларациясын берүүнүн алдында" деген сөздөр "товарлар чыгарылгандан кийин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 13-пунктта "Кыргыз Республикасынын аймагына ташып келүүдө" деген сөздөр алып салынсын;

– 16-пунктта:

жетинчи абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

сегизинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"үчүнчү өлкөлөрдөн ташып келинген түзүлүштөргө бажы декларациясынын же товарларды ташып келүү жана ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин аймагынан ташып келинген түзүлүштөр үчүн кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арыздын жоктугу.";

– $17^{2}$-пунктта "мамлекеттин кирешесине конфискациялоого жатат" деген сөздөр "ИМТда катталбайт" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 18-пунктта:

алтынчы – сегизинчи абзацтар күчүн жоготту деп таанылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

"– бажы декларациясынын болушу;

– товарларды ташып келүү жана ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин аймагынан ташып келинген түзүлүштөр үчүн кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арыз.";

– 20-пункттун биринчи – үчүнчү абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын;

– $22^{1}$-пунктта "Салык жана бажы органдары" деген сөздөр "Салык органы" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 31-пункт "MSISDN" деген аббревиатурадан кийин ", жайгашкан жери" деген сөздөр менен толукталсын;

– 32-пункттун 3-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**

**Министрлер Кабинетинин**

**Төрагасы** **А.У. Жапаров**